**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.22.657 диссертациялык кецешинин Алымкулов Замирбек Аманбековичтин "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези" аттуу темада 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча жазылган докторлук диссертациясынын алдын ала коргоосу боюнча 2024-жылдын 27 июнундагы отурумунун**

**№ 34 ПРОТОКОЛУ**

**Катышкандар:**

1. Саралаев Нур Керимкулович, (төрага) философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.03;
2. Амердинова Магира Мунаждиновна, (төраганын орун басары) философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.11/09.00.01;
3. Алымкулов Замирбек Аманбекович, (окумуштуу катчы) философия илимдеринин кандидаты, доцент, адистиги 09.00.03;
4. Алымкулов Марат Сапарбекович философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00.11 / 09.00.01;
5. Аманова Роза Асановна, искусство таанунун доктору, профессор, адистиги 17.00.02 / 24.00.01; *(катышкан жок)* -
6. Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович, философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.03 / 09.00.01;
7. Бейшенова Айсулуу Тилековна философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00. 11;
8. Бокошов Жамгырбек Бокошович, философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.01 / 09.00.11;
9. Дюшалиев Камчыбек Шаменович, искусство таануунун доктору, профессор, адистиги 17.00.02 / 24.00.01;
10. Исаков Кубанычбек Абдыкадырович, философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00.03;
11. Осмонова Динара Аскарбековна, философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00.11;
12. Сариева Калбүбү Сариевна, философия илимдеринин доктору, адистиги 09.00.01 / 17.00.02;
13. Стамова Рахат Дуйшембуевна, философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.01 / 24.00.01;

14. Сузукей Валентина Юрьевна, маданият таанунун доктору, профессор, адистиги 24.00.01 / 17.00.02; *(катышкан жок)*
15. Токоева Гулдана Самидиновна, философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00.03;
16. Уметалиева Чынара Топчубековна, маданият таанунун доктору, 24.00.01 / 17.00.02 адистиги; *( катышкан жок)*
17. Шарипова Эркайым Козуевна, философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.11 / 09.00.03;

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер саламатсыздарбы. Кворум бар. Диссертациялык кеңешти ачык деп жарыялоого добуш берип коюуңуздарды суранам. Рахмат, бир добуштан. Бүгүнкү диссертациялык кеңештин отурумун ачык - деп жарыялайбыз. Диссертациялык кеңештин 17 мүчөсүнөн 14 мүчөсү катышууда.

## КҮН ТАРТИБИ:

Изденүүчү Алымкулов Замирбек Аманбековичтин "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези" аттуу темада 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча жазылган докторлук диссертациясынын алдын ала коргоосу. Диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде философия кафедрасында аткарылган.

Илимий кеңешчиси Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович – философия илимдеринин доктору, профессор. Күн тартибин кабыл алалы добуш бересиниздер. Рахмат. Күн тартиби кабыл алынды.

Изденүүчүнүн анкеталык маалыматтарын жарыялоо үчүн сөз окумуштуу катчы, философия илимдеринин доктору Осмонова Динара Аскарбековнага берилет.

**Окумуштуу катчы:** Саламатсыздарбы урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Алымкулов Замирбек Аманбекович 1972-жылы 12- ноябрда туулган. 1995-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин аяктаган. 1995 -98 – жылдары Улуттук илимдер академиясынын философия жана укук институтунда аспирандурада окуган. 2005 жылы кандидаттык диссертациясын коргогон. 1999 жылдан тартып окутуучу, ага окутуучу, доценттин милдетин аткаруучу, доцент, кафедра башчысы, декан болуп иштеген. 2023 октябрынан Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде эмгектенет. Философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын башчысы. Диссертациялык ишти чагылдырган илимий макалалар жарыяланган. СКОПУС, РИНЦ базаларына кирген журналдарда жарык көргөн.

Тапшырылган документтер Улуттук аттестациялык комиссиянын койгон талаптарына толук жооп берет.

**Төрага:** Окумуштуу катчыга суроо барбы? Эгер жок болсо, сөздү изденүүчүгө берели. Диссертациянын негизги жоболорун корутундуларын айтат.

**Изденүүчү:** Саламатсыздарбы диссертациялык кеңештин төрагасы, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Коом менен кошо жаралган этикалык канондор тарыхый өнүгүүнүн ар бир "айлампасында" өзгөчө мааниге ээ болуп келгендиги талашсыз. Азыркы, ааламдашуу процесси менен жаңы технологиялык долбоорлор күч алган учурда моралдык аң сезимдин ички логикасы – жамандык менен жакшылыктын, абийир менен абийирсиздиктин чыңалган айкалышын ого бетер курчутуп келет.

Учурда коомдогу адамдын жашоосун аныктап турган социалдык-экономикалык, руханий чөйрөлөр фундаменталдык өзгөрүүлөрдүн айлампасына кирип, ааламдашуунун алкагында жалпы калыпка салынып, салттуу социалдык болмушту чубап, жаратпай, тарыхый келечекти тунгуюкка салууда. Экономикалык, материалдык чөйрөлөрдө интеграциянын жүрүшү колдоого алынып, көйгөй жараткан деле жок. Ал эми, адамзаттын рухий жашоосу түрдүү маданий салт, адат, адеп менен айырмаланып, интеграциялык процесстерге суроолорду коюуда. Мындай жагдай коомдук аң-сезимди башкы ролго чыгарып социалдык-экономикалык өзгөрүүлордү тартипке салууну талап кылып, ааламдашуунун чакырыктарына туруштук берип, укугун коргоодо. Азыркы мезгилде дүйнөлүк коомчулукта, дүйнөнүн туруктуулугу жана ырааттуу өнүгүүсү адат, маданият, жашоо-тиричиликтин көп түрдүүлүгүн сактап калуу менен байланыштуу, деген пикир айтылып келет. Демек, "түрдүүлүктүн биримдиги" негизинде адамзаттын болмушунун рухий-адептик идеалы калыптанып атканы талашсыз. Мындай ой жүрүштүн өнүгүүсүндө адептик-этикалык маселелердин табиятына, башаттарына көнүл буруу белгилүү денгелде актуалдуу.

Тарыхый-философиялык өнүгүүдө жашоо үчүн күрөшүү эрки, инстинкт тегиздигинен эс тутумга өтүп, ички өнүгүүсүнөн улам реконструкцияланып ойломдук негизде баалуулук катары калыптанып, адептин алгачкы мифтик, космогониялык, натурфилософиялык, теистик формаларына айланган. Ал формалар - моралдык түшүнүктөр, социоэтикалык парадигмалар философиянын тарыхында, этикалык теорияларда чагылдырылган. Калыптанган түшүнүктөрдүн татаал чиеленген табиятын илимий-теориялык ойломдон өткөрүп, аныктоо өзү зарылдык. Философиянын тарыхында аныкталган моралдык категориялар, принцип, парадигмалардын конкреттүү формалары жөнөкөйдөн татаалга карай

калыптанып өнүгүп келген. Өзгөчө биз иликтеп аткан мифологиядагы моралдын архетиптери жана орто кылымдагы чыгыш перипатетикалык ойчулдардын “диний адеп менен моралдын тиешелүүлүгү” биримдик принцибинен синтезделген таалиматындагы диний - этикалык категориялары толук тактала электиги изилдөөнүн актуалдуулугун шарттап, илимий иштин өзөктүк сабын түзөт.

Илимий изилдөөнүн концептуалдык табиятын аныктаган диссертациялык теманын ички, имманенттүү логикасына ылайык натурфилософия менен теизмдин дал келген жана дал келбеген айкалышын, Аль Фараби, Ар Рази, Ибн Синанын “синтездик” мүнөздөгү моралдык концепттерин компаративдик нукта (салыштырып) изилдоө - иштин негизги максаты.

Аталган иштин концептуалдык багытын түзгөн илимий максат төмөндөгүдөй милдеттердин аныкталышын шарттады:

1. Теги бир, бирок маани-мазмуну боюнча айырмаланган диний түшүнүк менен натурфилософиялык доктринанын бирин-бири төгүндөп, бирине-бири “таянган” айкалышын карама-каршылыктын синтези жана протоморалдык аң-сезимдин формасы катары талдап, этикалык парадигманын гензисине сересеп салуу;
2. Протоморалдык аң-сезимдин мазмун-формалык уютуксун түзгөн архетиптик кубулуштардын эволюциясын иликтеп, алардын тарыхый-логикалык “кыймылын” аныктап, кандайча императивдик мүнөзгө ээ болгондугун, мазмундук тилкесинин жаңы тепкичке трансформациялангандыгын тастыктоо;
3. Мифологиялык, мифоэпикалык, диний этикалык ченемдердин турмуштук тажрыйбаларды жалпылоосунун натыйжасында түшүнүк формаларына айланышын конкреттүүлкүтүн абстракциясы катары карап, алардын категориялык белгилерин аныктоо;
4. Батыш философтору тарабынан үстүртөн каралып, жөн гана комментаторлор деп бааланып келген орто кылымдардагы чыгыш философиясын концептуалдык өзгөчөлүгүнө токтолуп, алардын теисттик, натурфилософиялык мүнөздөгү этикалык таалиматтарындагы моралдык түшүнүктөрдү принциптерди анализдөө, окууларындагы этикалык жалпылыктарды жана жекеликтерди аныктоо;
5. Оригиналдуу философиялык эмгектеринин натыйжасында “экинчи Аристотель” деген ыйык наамга ээ болгон, орто кылымдагы перипатетикалык этиканы негиздеген Аль Фарабинин адеп-ахлак системасын, андагы моралдык түшүнүктөрдүн тутуму аркылуу иликтеп, “фарабилик этика” менен

“аристотелдик этиканын” айырмалуу жалпылыктарын тактоо, “фарабилик моралдын” логикалык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн белгилөө;

6. Абу Бакр ар Разинин моралдык таалиматындагы этикалык, дианоэтикалык түшүнүктөрдүн натурфилософиялык онтологиясын, гносеологиялык сегменттерин, логикалык табиятын, императивдик функцияларын талдоо;

7. Теизм менен натурфилософиянын өзгөчө синтезин жараткан философ-ойчул жана табият иликтөөчү Ибн Синанын этикалык концепциясын конкреттүү ойлом материалдары аркылуу иликтеп, андагы жосундук иш аркеттердин негиздерин аныктап, адеп-ахлак билимдин бир формасы катары каралган өзгөчө “авиценалык концептти” тастыктоо;

8. Ибн Сина мораль менен социалдык чөйрөнүн ийкемдүү шартта өнүгүшүн кылдат баамдаган. Адамдын өзүн-өзү тааный билүүсүнүн зарылдыгына басым жасаган концептуалдык пикирин, эрктүүлүк, анын табигый негизи болгон физиологиялык факторлорго тутумдаштырып адилет аныктагандыгын буга чейин карала элек тарыхый-философиялык булактардын негизинде тактоо;

9. Изилдөөнүн өзгөчөлүгүн аныктаган, рухий императивдер - философия, дин жана мораль феномендеринин өз ара карым-катнашын, карама-каршылыгын, биримдигин кылдат ажырымдап-тактап, алардын онтологиялык тектүүлүгүн, тааным табиятын, логикалык бөтөнчөлүгүн аныктоо.

Диссертациялык иштин илимий жацылыгы төмөнкү жыйынтыктар аркылуу туюндурулат:

1. Байыркы мифтердеги космогониялык жана космологиялык дүйнөкараштын өзөгүн түзгөн социалдык элементтер, моралдык ченем-сегменттер, алардын туундусу болгон ырым-жырым, адат, күнүмдүк жосундук иш аракеттер “адамдашкан табияттын” философемалары болуп эсептелет. Моралдын баштапкы формаларын изилдөөнүн негизги максаттарынын бири алар (моралдык философемлар) архетип, бейаңдык форма катары аңсезимдин түпкүрүндө сакталып калат жана белгилүү бир кырдаалда реалдуу (табийгый) күчкө ээ болот. Моралдык аң-сезимдин бүгүнкү күнгө чейин толук аңдала элек философемалык формаларын иликтөө жагдайы - адам табиятынын биосоциалдык башатын адекваттуу аңдоого белгилүү деңгээлде шарт түзөт.

2. Мораль менен дин – өз-ара чиеленишип, өтмөкатар чектешкен, концептуалдык жактан тогошкон кубулуш, анткени алар онтологиялык жактан тектеш,

гносеологиялык формасы боюнча бири-бирине жакын. Кудай-Жаратканды улуу изгилик (жакшлык) катары караган теодицея проблемасы Батыш Европанын рационалдуу диний философиясына көбүрөөк мүнөздүү экендиги адистер тарабынан тастыкталып келет, бирок бул аталган философеманын айрым бир концепттери бүтүндүктүн элменти катары перипатетикалык этикага да салыштырмалуу тиешелүү. Дүйнөдөгү жамандык менен ажалдын бардыгы «Жогорку аң сезимдин» (Кудайдын) ырайымдуулугуна жана кудуреттүүлүгүнө, «жамандыксыз тунуктугуна» шек келтирбейт, тескерисинче рационалдуу мүнөздө Жараткандын абсолюттук изгилигин актайт. Башкача айтканда, теодицея көйгөйү – бул жакшылык менен жамандыктын өз ара мамилесинин диний мааниге өткөрүлгөн формасы.

3. Перипатетикалык этика диний фикх доктринасын болумдук тажрыйбага ылайык рационалдаштырууга аракеттенип, философиялык нукта моралдык сентенция катары интерпретациялайт. Моралдык баалуулуктардын критерийи иретинде эки этикалык ченем пайдаланылат: жосун (иш аракет), жакшы (хасан), же жаман (кабих). Жеке мааниде *хусн, кубх* түшүнүктөрү кандайдыр бир заттын же нерсенин табиятынын сонундугун, даамдуулугун, же начар, коползугун, ачуулугун туюндуарт. Ал эми этикалык ой жүгүртүүдө айтылган категориялар “мактоого арзыган” (*хамд*) жана “сынга алынган”(*замм*) түшүнүктөрү жосундук ченемден башат алат. Баамдоонун мындай бинардык системасы өзүнүн мазмундук табияты боюнча салыштырмалуу (эки карамакаршы түшүнүктөрдүн салыштырмалуу мамилеси) деп эсептелинет.

4. Аль Фараби өзүнүн социоэтикалык концепциясында натыйжалуу ыкма катары – компаратив, салыштыруу жана карама–каршы коюу ыкмаларын колдонгон. Адамдык оң жана терс сапаттар бири-бири аркылуу аныкталаарын, позитивдүү сапат негативдүү сапат аркылуу, негативдүү жүрүм позитив жүрүм аркылуу “бинардык компаратив” катары аныкталаарын тастыктаган. Сапаттардын карама-каршы, оң же терс, касиеттери этикалык карама-каршы ченемдердин негизи экендигин тастыктап, “адептик жетилген мыктылык” менен “тулкулук жетилген мыктылыктын” айрымасын аныктаган.
5. Аль-Фараби адеп-ахлакты табияттын жана коомдун өзгөчөлүктөрү менен байланышытырып, адилеттүүлүк, кыраакылык, топуктук, айкөлдүк сыяктуу касиеттерди алардын антиподдору менен салыштырып анализдеп, этикалык баалуулуктар “абийир”, “жоопкерчилик” , “милдет” өңдүү моралдык ченемдер менен тыгыз байланыштуу экендигин тастыктаган. Ойчул“адаб”, “ихсан” жана

“хубб ал-жамийи” тшүнүк-абстракциялар аркылуу адеп-ахлактын көпкырдуу конкреттүүлүгүн мүнөздөгөн. Акыл-эс, жандүйнө жана ырахат кубулуштары Аль Фарабинин этикалык системасынын негизин түзүп, андагы жорук-жосун, жүрүм-турум сыяктуу болумдук феномендерди аныктап турат.

6. Ар Рази моралдык парасатты билим менен байланышытырып, билим табышмактуу чындыктын “жарыгы” экендигин, мораль менен акыл түгөйлөш экендигин, туура акыл экчей билген адам сейрек жаңылышаарын баса белгилеген.

7. Ибн Сина натурфилософиялык “заттык форма теориясын” иштеп чыгып, ар бир нерсе баштапкы беш элемент - жер, суу, аба, от жана эфирдин айкалышкан кошулмасы экендигин белгилеп, ааламдын жаралышын “зарыл-негиз”, “мүмкүн-негиз” жана “өзгө аркылуу-негиз”деген баштапкы себептер менен байланыштырган. Ойчулдун пикирине ылайык этиканын негизин түзгөн парадигмалар – “жамандык” менен “жакшылык” адам баласынын акыл-эсине жана эркине түздөн-түз байланыштуу. Абийирдин тазалыгы, акылдын тетиктигине жараша болот; абийир интуитивдүү сезим-туюм эмес, ал интеллкетуалдык жөндөм деп эсептейт Ибн Сина.

8. Авиценанын адептик идеялары моралдык ац сезимге негизделген, анын этикалык окуусу метафизикалык нукта болгон, ал динге жана диний адеп-ахлакка ачык каршы чыккан эмес. Моралдык аң сезимдин деңгээлин аныктаган негизги рухий күч – бул эрк. Ибн Синанын оюу боюнча, адам эмнеге жетем деп максат койсо, ал максат күчтүү эрк аркылуу жүзөгө ашат. "Этика - бул туура жана адептүү жашоонун илими жана ал философиянын ажырагыс бөлүгү болуп саналат" деген сентенция авиценалык этиканын концептуалдык негизи болуп эсептелет.

9. Теизм менен натурфилоософиянын синтези болгон перипатетикалык этика өзүнүн ички логикасы жана структурасы боюнча өтө татаал, анткени ал тарыхый кырдаалдын катаал логикасы менен шартталган. Перипатетикалык этиканын Аристотелдик классикалык этика менен байланышы өз мезгилинин энциклопедисттери болуп, орто кылымдагы илимди байытып, антикалык дүйнөдөгү логикалык жана гносеологиялык идеяларды андан ары өнүктүргөн чыгыш перипатетизминин өкүлдөрүнүн жана жалпы эле чыгыш перипатетизминин тарыхый жана теориялык маанисин төмөндөтө албайт.

**Төрага:** Изденүүчүгө суроонуздар болсо берсеңиздер?
Сөз Камчыбек Шаменовичке берилет.

**Дюшалаиев К.Ш.:** Урматтуу Замирбек Аманбекович, теизм түшүнүгүнүн теориялык аныктамасы барбы? Теизм менен натурфилософиянын мөзгнили боюнча биринчилтги кайсында?

**Төрага:** дагы кандай суроолор бар? Калбүбү Сариевна суроо.

**Сариева К.С.:** менде да эки суроо бар.

Орто кылымдын энциклопедисти Берунинин орду бар. Аны сиз өзүңүздүн ишиңизде карадыңызбы?

Мутазилиттер менен мутакаллимдердин этикага мамилеси кандай?

**Төрага:** дагы кандай суроолор бар?

**Бокошев Ж.Б.** Перипатетикалык этиканын дүйнөлүк практикада орду бар, теизм, натурфилософия ошол үчөөнү байланыштырып изилдөөнүн канчалык мааниси бар азыркы учурда?

**Төрага:** Сөз Магира Мунаждиновнада.

**Амердинова М.М.** – Экинчи баптын экинчи параграфында кайсы динний моралды карадыңыз?

**Төрага:** сөз Исакова Кубанычбек Абдыкадыровичке берилет.

**Исаков К.А.:** Урматтуу диссертант Ибн Синанынперипатетикалык социалдык этикасында микрокосмос жана макрокосмос концепциясы кандай каралат?.

**Төрага:** Суроолор жетиштүү го. Изденүүчү даярдана берсин. Сөз илимий кеонсультант Бекбоев Аскарбек Абдыкадыровичке берилет.

**Бекбоев А.А.:** Урматтуу коллегалар саламатсыздарбы.

Алымкулов Замирбек Аманбековичтин “Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези” деп аталган диссертациялык иши татаал теориялык проблеманын, тагыраак белгилегенде – натурфилософия менен теизмдин парадоксалдык мүнөздөгү өзара алакасын туюндурган логикалык кубулуштун конкреттүү-тарыхый ыкма менен чечмеленишине арналган. Перипатетикалык дүйнөтаанымдын маңызы, этикалык доктринасы жана карамакаршылыктын биримдиги катары туюндурулган натурфилософия менен теизмдин онтологиялык табияты – аталган иштин түйүндүү, ички логикалык багыты болуп эсептелет.

Ири алды менен диссертациялык иштин мазмундук талаасын жалпылап төмөндөгү концептуалдык постулатты изилдөөнүн концептуалдык негизи катары белгилеп коюу максатка ылайыктуу: биринчиден, мораль жана анын концептуалдык маңызын туюндурган этикалык түшүнүк-жоболор – алгалап-кетенчиктеген татаал табигый-социалдык процесстердин мыйзамченемдүү туундусу; экинчиден, коомдун, жашоо-турмуштун универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөрдүн натыйжасында астейдил өнүгүшү, анын рухий көрөңгөсүн түзгон моралдык-этикалык парадигмалардын эволюциясы менен

тыгыз, өтмө-катар байланыштуу; этикалык ченемдер имманенттүү табияты боюнча кайдадыр катып калган, сенек, өнүгүп-өзгөрбөй турган кубулуш эмес, тескеринче коомдун табигый эволюциясы (өзүн өзү аңдашы) менен тектеш, аны менен кошо илгерилеп келген салыштырмалуу көрүнүш; үчүнчүдөн, моралдык-этикалык таанымдын мазмундук талаасы тигил же бул коомдук түзүлүштүн, мезгил менен мейкиндиктин конкреттүү тарыхый алкагы менен шартталган; төртүнчүдөн, мораль жана аны илимий-теориялык жактан сыпаттаган этикалык түшүнүм-түшүнүктөр - ар кандай коомдук түзүлүштөр гана эмес, ар кандай коомчулуктар (коомдук күчтөр, тараптар, катмарлар, таптар) аркылуу ар кандай мазмунга эгедер. Бул жалпылоолор кандайдыр бир деңгээлде Аль-Фараби, Ибн Сино жана Абу Бакр ар-Разинын моралдык-эткиалык концепптери менен үндөшүп турат.

Изилдөөнүн алкагындагы териялык конңепттер жана илимий эмгектердин синопсиси иштин баштапкы бөлүгүндө илимий проблеманын метдологиялык постулаты катары каралса, иштин экинчи главасы – “Моралдык аңсезимдин диний-мифологиялык маңызы жана натурфилософиялык негизи” перипатетикалык этиканын тарыхый-философиялык булактарына арналып, изилденип жаткан көйгойдүн генезиси конкреттүү-тарыхый ойлом материалдарынын негизинде конкреттештирилген. Диссертанттын пикирине ылайык, этикалык парадигмалардын баштапкы элементтери “маралогема” катары мифий, диний аңсезимдин алкагында натурфилософиялык идеялардын таасиринде калыптанган.

“Аль-Фарабинин перипатетикалык этикасы жана ар-Разинини дианоэтикалык этикасы: тарыхый-философиялык анализ” деп аталган главада орто кылымдын көрүнүктүү ойчулдары Аль-Фраби жана Абу Бакр ар Разинин таалиматындагы этикалык, дианоэтикалык категориялардын натурфилософиялык онтологиясы, логикалык байланыштары, функциялары талданган. Диссертациялык колжазмадгы төмөндөгү тезисттер: Аль-Фарабинин идеялык-философиялык мурастары өтө бай жана өзүнүн өзгөчө ар түрдүүлүгү менен айырмаланып турат; өз замандаштары аны урматтап, "Экинчи мугалим" (Аристотелден кийпнки) жана "Чыгыштын Аристотели" деп аташкандары бекеринен эмес; Аль-Фарабинин окуусу - материя жана анын формалары, болмуш жана анын категориялары, органикалык жана органикалык эмес дүйнөнүн касиеттери, физикалык жана психикалыктын өз ара байланышы, таанып-билүүнүн формалары жана баскычтары, акыл тууралуу ой жүгүртүү, ой жүгүртүүнүн байланышы тууралуу окууну, тилди ж.б.у.с. бардык эле

философиялык проблемаларды өз ичине камтыйт; коом гармониялуу жана адилеттүү тартипти түзүүгө умтулушу керек деп эсептеген; ар бир адамдын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу, мыйзамдуулукту жана тартипти сактоо, бардыгына бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу жана ар бир адамдын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү аркылуу жетишет... Ушул белгиленген тезисттерде таасындалып тургандай Аль-Фараби үчүн адеп-ахлак адамдын жана коомдун жашоосунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана алардын жыргалчылыгы жана бактысы менен тыгыз байланышта.

Абу Бакр Мухаммад ибн Закария ар-Рази да адеп-ахлактык жактан жакшы жана туура деген ойлорун айтып, этикага чоң салым кошкон. Ал адамдын жашоосунун максаты — рухий жактан өркүндөтүү, адеп-ахлак бул процесстин ажырагыс бөлүгү деп эсептеген. Адилеттүүлүккө чоң маани берген жана бул маанилүү адеп-ахлакка ылайык иш кылууга ар бир адам милдеттүү деп эсептеген.

Диссертант адилет белгилегендей, Ар-Рази ырайымдуулук түшүнүгүнө да көңүл бурган жана ал ар кандай этиканын маанилүү компоненти болууга тийиш деп эсептеген. Ал адамдар башкаларга, өзгөчө кедей-кембагалдарга жана муктаждарга боорукердик көрсөтүшү керектигин жана бул диндин же этиканын кандай гана формасында болбосун маанилүү аспект болушу керектигин айтты. Мындан тышкары, ар-Рази адам өмүрү баалуу жана аны коргоо керек деп эсептеген. Ал адамзат зордук-зомбулуктун жана өлүмдүн ар кандай түрүнө каршы күрөшүшү керек жана бардык тиричилик корголушу жана корголушу керек деп ырастады. Дегеле ар-Разинин этикалык ойлоруна адилеттүүлүк, ырайымдуулук жана адам өмүрүн урматтоо жөнүндөгү идеялар сиңген. Ал бул маанилүү адеп-ахлактык баалуулуктар бардык этика үчүн негиз болушу керек деп эсептеген жана алар адамзатка руханий жактан жетүүгө жана жашоонун эң жогорку максаттарына жетүүгө жардам бере алат деп эсептеген.

“Ибн синонун натурфилософиясы: социоэтикалык түшүнүктөр жана теисттик сегменттер” деп аталган главада Авиценнанын эткалык концепциясы талданат. Диссертанттын пиуирине ылайык, Ибн Синанын натурфилософия жана табият философиясы жаатындагы идеялары Чыгыш Европа менен Жакынкы Чыгыштагы кийинки илимий-философиялык ой-пикирлерге чоң таасирин тийгизген. Анын теориялары жана эмгектери дүйнөнүн бирдиктүү табияты идеясын жана дүйнөдөгү бардык кубулуштарды табигый мыйзамдар жана себептер менен түшүндүрүүгө жардам берген. Иб Сино, колжазмада адилет белгеленгендей, беш элемент теориясын иштеп чыккан, анда элементтерден

кандайча түрдүү заттар жаралышы жана алар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болорун түшүндүргөн. Ал ошондой эле табият философиясын изилдеп, дүйнөдөгү бардык кубулуштарды табигый мыйзамдар жана себептер менен түшүндүрүүгө болот деп ырастаган. Ибн Сина болмуш онтологиянын негизги түшүнүгү, ал эми жоктук түшүнүгү бар болуунун жоктугу гана деп эсептеген. Ал объекттерди материалдык жана материалдык эмес деп бөлгөн, ал эми материалдык эмес нерселерди материалдык нерселерге караганда реалдуу деп эсептеген.

Ибн Синонун этикалык окуулары негизинен анын идеализм жана метафизика философиясына негизделген. Ал ар кандай формаларда, анын ичинде адамдын жан дүйнөсүндө камтылган жогорку рухий принцип бар деп эсептеген. Анын этикасынын борборунда бакыт түшүнүгү турат, ал билимге жана руханий өнүгүүгө негизделген акыл-эс абалы деп аныктаган. Авиценна адамдын эң жогорку максаты – идеалдуу абалга жетүүгө мүмкүндүк берген Кудай жөнүндөгү чыныгы билимге жетүү деп эсептеген. Ал ошондой эле билимдин ар кандай түрлөрүн ажыратып, акылга негизделген билим гана адеп-ахлактык жеткилендикке алып келет деп эсептеген. Ал адам зыяндуу адаттардан оолак болуп, алтын орто жолдон өтүшү керек деп эсептеген, бул жол – ашыкча жыргалчылыктан алыс болуу менен жашоонун ырахаттарынан баш тартуунун ортосундагы тең салмактуулук.

Авиценна ошондой эле коомдук адеп-ахлактын маанилүүлүгүн түшүнгөн, мыйзамдар жана адеп-ахлак коомдун жыргалчылыгына көмөктөшүп, эң жогорку руханий мыйзамга ылайык келиши керек деп эсептеген. Адамдар бири-бири менен жана жаратылыш менен гармонияда жашап, адилеттикке, тендикке умтулушу керек деп эсептеген. Жалпысынан алганда, Авиценнанын этикалык окуусунда руханий өнүгүүгө жана өзүн-өзү таанууга чоң басым жасалат, анын оюу боюнча, бул бакытка жана моралдык жактан жеткилеңдикке жетүүнүн ачкычы болуп саналат. Диссертанттын бул аталган концептуалдык жалпылоолору талашсыз жана алар ойчулдун эмгетериндеги сентенциялары аркылуу тастыкталган.

Жалпылап белгилегенде, диссертант адилет белгилгендей Жакынкы жана Орто Чыгыштагы философия, анын ичинде чыгыш перипатетизми өзүнүн келип чыгыш булактары жана өзүнүн структурасы боюнча өтө татаал жана ар түрдүү болгон жана бул философиялык билимдин өзүнүн табияты жана өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт. Жалпысынан, Чыгыш философиясынын өтө ар түрдүү бөлүктөрү бири-бири менен жана батыш философиясы менен салыштырып

изилдөөнү талап кылат. Ошондой болсо да, бул ар түрдүүлүк өз мезгилинин энциклопедисттери болуп, орто кылымдагы илимди байытып, антикалык дүйнөдөгү логикалык жана гносеологиялык идеяларды андан ары өнүктүргөн чыгышперипатетизминин өкүлдөрүнүн жана жалпы эле чыгышперипатетизминин тарыхый жана теориялык маанисин төмөндөтө албайт.

Диссертациялык иштин абстрактуу формада туюндурулган фундаменталдуу логикасы төмөндөгү жагдайларга негизделген: а) конкреттүүлүк (этикалык доктрина) кандайдыр нерсе же кубулуш гана эмес, көп кырдуулуктун (этикалык концепттердин) биримдиги, абстрактуулук (перипатетикалык этика) обочолонгон акыл эстин формасы эмес, ал конкреттүүлүктүн (этикалык концепттердин) салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ бир жактуу, толук эмес көрүнүшү (моменти); б) «логикалык» менен «тарыхыйлык» же логикалык процесс менен тарыхый процесстин абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү аркылуу тогошу (төп, дал келиши) даяр, өзүнөн-өзү боло калчу нерсе эмес, ал узак түйшүктүү теориялык изилдөөлөрдүн натыйжасы. Диссертациянын жалпы имманенттүү жыйынтыгы: адеп-ахлак адамдардын жан дүйнөсүн мүнөздөп, алардын өз ара мамилелери аркылуу дааналанып, конкреттүү мазмунга ээ болот. Мораль белгилүү деңгээлде жеке адам – индивидге (анын жеке мүдөө-талаптарын коомдук кызыкчылыктардан келип чыккан чектөөлөргө мажбурлап) карама-каршы турат. Башкача айтканда коомдук мораль менен жеке инсандык мораль кайчылаш келет, бирок мындай кырдаал жалпысынан антагонисттик абалдын деңгээлине чейин көтөрүлбөйт, анткени жашоо (тарых) логикасы (жалпылык менен жекеликтин айкалышы) кетенчиктеп-илгерилеп өр тартууга багытталган.

Албетте, айрым бир кемчиликсиз иимий иш бобойт, анткени чындык, акыйкаттык мезгилдин закымына жараша толуктала турган салыштырмалуу кубулуш. Бул диссертацияда иште да маанилүү ойдун мазмунуна көлөкө түшүргөн стилдик такэместиктер, диалектикалык логиканын алкагына коошпгон жалпылоолор бар, бирок бул кээбир принциалдуу мааниге ээ эмес кемчиликтер иштин жалпы илимий-теориялык деңгээлине кедерги боло албайт, тескерисинче алар иштин татаалдыгын тастыктап утурат.

Пикирдин корутунду бөлүгүндө жыйынтык таризинде баса белгилей турган жагдай, философия илимдеринин доктору даражасын изденип алуу максатында 09.00.03 – философия тарыхы адистиги боюнча даярдалган Алымкулов Замирбек Аманбековичтин “Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези” деген аталыштагы диссертациялык иши ЖАКтын тиешелүү

талаптарына толук жооп берет жанан диссертант философия илимдеринин доктору даражасына татыкту.

**Төрага:** Рахмат. Анда сөз эксперттик комиссиянын мүчөлөрүндө. Сөз Стамова Рахат Дуйшембуевнага берилет.

**Стамова Р.Д.**

Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези» аттуу диссертациялык ишин карап чыгып төмөндөгү корутундуга келдик:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган докторлук диссертациялык иш Д 09.22.657 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет.

Иште 09.00.03 – философиянын тарыхы адистигинин паспортуна жооп берүүчү моралдык аң сезимдин баштапкы, миф менен натурфилософиянын өз-ара байланышын, чыгыш ойчулдары Аль-Фараби, Ар-Рази жана Ибн Синанын этикалык концепцияларын салыштырып, алардын философиясындагы теизм менен натурфилософиянын синтезин аныктап, ачып берүү анализи жүргүзүлгөн.

2. **Иштин максаты жана милдеттери**

Илимий изилдөөнүн концептуалдык табиятын аныктаган диссертациялык теманын ички, имманенттүү логикасына ылайык натурфилософия менен теизмдин дал келген жана дал келбеген айкалышын, Аь-Фараби, Ар-Рази, Ибн Синанын “синтездик” мүнөздөгү моралдык концепттерин компаративдик нукта (салыштырып) изилдөө - иштин негизги **максаты**.

Аталган иштин концептуалдык багытын түзгөн илимий **максат** төмөндөгүдөй милдеттердин аныкталышын шарттады:

Теги бир, бирок маани-мазмуну боюнча айрымаланган диний түшүнүк менен натурфилософиялык доктрינанын бирин-бири төгүндөп, бирине-бири “таянган” айкалышын карама-каршылыктын синтези жана протоморалдык аң-сезимдин формасы катары талдап, этикалык парадигманын гензисине саресеп салуу;

Протоморалдык аң-сезимдин мазмун-формалык уютуксун түзгөн архетиптик кубулуштардын эволюциясын иликтеп, алардын тарыхый-логикалык “кыймылын” аныктап, кандайча императивдик мүнөзгө ээ болгондугун, мазмундук тилкесинин жаңы тепкичке трансформацияландыгын тастыктоо;

Мифологиялык, мифоэпикалык, диний этикалык ченемдердин турмуштук тажрыйбаларды жалпылоонун натыйжасында түшүнүк формаларына

айланышын конкреттүүлкүтүн абстракциясы катары карап, алардын категориялык белгилерин аныктоо;
Батыш философтору тарабынан үстүртөн, жаңылыш жөн гана комментаторлук катары бааланып келген орто кылымдардагы чыгыш филофиясын концептуалдык өзгөчөлүгүнө токтолуп, алардын теисттик, натурфилософиялык мүнөздөгү этикалык таалиматтарындагы моралдык түшүнүктөрдү принциптерди анализдөө, алардын окууларындагы этикалык жалпылыктарды жана жекеликтерди аныктоо;
Оригиналдуу философиялык эмгектеринин натыйжасында “экинчи Аристотель” деген ыйык наамга ээ болгон, орто кылымдагы перипатетикалык этиканы негиздеген Аль Фарабинин адеп-ахлактык системасын, андагы моралдык түшүнүктөрдүн тутуму аркылуу иликтеп, “фарабилик этика” менен “аристотелдик этиканын” айрымалуу жалпылыктарын тактоо; “фарабилик моралдын” логикалык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн белгилөө;
Абу Бакр ар Разинин моралдык таалиматындагы этикалык, дианоэтикалык түшүнүктөрдүн натурфилософиялык онтологиясын, гносеологиялык сегменттерин, логикалык табиятын, импреативдик функцияларын талдоо;
Теизм менен натурфилософиянын өзгөчө синтезин жараткан философ-ойчул жана табият иликтөөчү Ибн Синанын этикалык концепциясын конкреттүү ойлом материалдары аркылуу иликтеп, андагы жосундук иш аркеттериндин ийкемдүү негиздерин аныктап, адеп-ахлак билимдин бир формасы катары каралган өзгөчө “авиценалык концептти” тастыктоо;
Ибн Сина этиканын социалдык чөйрө менен ийкемдүү байланышын кылдат аныктаган, адамдын өзүн-өзү тааный билүүсүнүн зарылдыгына басым жасаган концептуалдык пикирин, эрктүүлүктү (эрк түшүнүгүн) анын табийгый негизи - физиологиялык факторлор менен байланшытырып адилет аныктагандыгын буга чейин карала элек тарыхый-философиялык булактардын негизинде тактоо;
Изилдөөнүн рухий императивдер - философия, дин жана мораль феномендерининин өз ара карым-катнашын, карама-каршылыгын, биримдигин кылдат ажырымдап-тактап, алардын онтологиялык тектүүлүгүн, тааным табиятын, логикалык бөтөнчөлүгүн аныктоо.

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.**

Этика моралдык аң-сезимдин императиви катары алиге чейин илимий-теориялык жактан толук адекваттуу аңадала элек өтө татаал тармак. Адеп-ахлакты аңтарып, терең изилдеген И. Кант эки пардигмага - “асмандагы жылдыздарга”, андан кийин адамдардын жандүйнөсүндөгү “моралдык

мыйзамдарга” таң калгандыгын баса белгилеп, адам баласын табийгый мейкиндиктен (айбантектен) нарк-насил “алып чыкканын” таасын белгилейт. Табийгый жол менен калыптанган жупуну коомдошкон “үйүрлүк стихиянын” коомдук жүрүм-турумга айланышы этикалык түшүнүк-түшүнүмдөрдүн жөнөкөйдөн татаалга карай өнүгүшү түздөн-түз байланыштуу. Коом менен кошо жаралган этикалык канондор тарыхый өнүгүүнүн ар бир “айлампасында” өзгөчө мааниге ээ болуп келгендиги талашсыз. Азыркы, аалмадашуу процесси менен жаңы технологиялык долбоорлор күч алган учурда моралдык аңсезимдин ички логикасы – жамандык менен жакшылыктын, абийир менен абийирсиздиктин чыңалган айкалышы ого бетер курчуп келет.

Учурда коомдогу адамдын жашоосун аныктап турган социалдык-экономикалык, руханий чөйрөлөр фундаменталдык өзгөрүүлөрдүн айлампасына кирип, ааламдашуунун алкагында жалпы калыпка салынып, салттуу социалдык болмушту чубап, тарыхый келечекти тунгуюкка салууда. Экономикалык, материалдык чөйрөлөрдө интеграциянын жүрүшү колдоого алынып, коюлган маселелердин окшоштугу, бирдей чечилиши анын окшошпогон ажырымдык элементтеринен жогору туруп көйгөй жараткан деле жок. Ал эми, адамзаттын рухий жашоосу түрдүү маданий салт, адат, адеп менен айырмаланып, өтүп жаткан процесстерге суроолорду коюуда. Мындай жагдай коомдук аң-сезимди башкы ролго чыгарып социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү тартипке салууну талап кылып, ааламдашуунун чакырыктарына туруштук берип, укугун коргоодо. Азыркы мезгилде дүйнөлүк коомчулукта, дүйнөнүн туруктуулугу жана ырааттуу өнүгүүсү адат, маданият, жашоо-тиричиликтин көп түрдүүлүгүн сактап калуу менен байланыштуу, деген пикир айтылып келет. Демек, “түрдүүлүктүн биримдиги” негизинде адамзаттын болмушунун рухий-адептик идеалы калыптанып атканы талашсыз. Мындай ой жүрүштүн өнүгүүсүндө адептик-этикалык маселелердин табиятына, башаттарына көнүл буруу, белгилүү денгелде актуалдуу.

Тарыхый-философиялык өнүгүүдө жашоо үчүн күрөшүү эрки, инстинкт тегиздигинен эс тутумга өтүп, ички өнүгүүсүнөн улам реконструкцияланып ойломдук негизде баалулук катары калыптанып, адептин алгачкы мифтик, космогониялык, натурфилософиялык, теистик формаларына айланган. Ал формалар - моралдык түшүнүктөр, социоэтикалык парадигмалар философиянын тарыхында, этикалык теорияларда чагылдырылган. Калыптанган түшүнүктөрдүн татаал чиеленген табиятын илимий-теориялык ойломдон өткөрүп, аныктоо өзү зарылдык. Философиянын тарыхында аныкталган моралдык категориялар,

принцип, парадигмалардын конкреттүү формалары жөнөкөйдөн татаалга карай калыптанып өнүгүп келген. Өзгөчө биз иликтеп аткан мифологиядагы моралдын архетиптери жана орто кылымдагы чыгыш перипатетикалык ойчулдардын “диний адеп менен моралдын тиешелүүлүгү” биримдик принцибинен синтезделген таалиматындагы диний - этикалык категориялары толук тактала электиги изилдөөнүн актуалдуулугун шарттап, илимий иштин өзөктүк сабын түзөт.

Жогоруда учкай белгиленген жагдайлар моралдык аң сезимдин баштапкы, анын теги менен байланшыкан маселе – миф менен натурфилософиянын өз ара карым-катнашын, омоктуу чыгыш ойчулдары Аль-Фараби, Ар-Рази жана Ибн Синанын этикалык концепцияларын компаративдик нукта, теизм менен натурфилософиянын синтези катары изилдөөнүн илимий зарылдыгын – актуалдуулугун негиздеп турат.

**Илимий натыйжалар**

*Алынган натыйжалардын азыркы илимдин алкагында илимий жаңылылыгы барбы, болсо ал эмнелерден турат (илимий ачылыш, жаңы идея, гипотеза, диагностиканын жана даарылоонун жаңы методу, проблеманын жаңыча берилиши ж.б.)*

Диссертациялык иште философия илиминин өнүгүшү үчүн мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар чыгарылган:

1 – *жыйынтык.* Айтарлык денгелде жаңы, анткени диссертант байыркы мифтердеги космогониялык жана космологиялык дүйнөкараштын өзөгүн түзгөн социалдык элементтер, моралдык ченем-сегменттер, алардын туундусу болгон ырым-жырым, адат, күнүмдүк жосундук иш аракеттер “адамдашкан табияттын” философемаларын иликтөөдөн өткөрүп, ынанымдуу тастыктаган.

2 – *жыйынтык.* Негиздүү жана ишенимдүү. Себеби диссертант мораль менен дин – өз-ара чиеленишип, өтмө катар чектешкен, концептуалдык жактан тогошкон кубулуш катары карап, аларды онтологиялык жактан тектеш, гносеологиялык формасы боюнча бири-бирине жакындыгындыгын тастыктап берген.

3 – *жыйынтык.* Жацы. Изденүүчү, перипатетикалык этика диний фикх доктринасын болумдук тажрыйбага ылайык рационалдаштырууга аракеттенип, философиялык нукта моралдык сентенция катары интерпретациялаганын ачып, тастыктап берген.

4 – *жыйынтык.* Салыштырмалуу жаңы. Диссертант, Фараби социо-этикалык концепциясында натыйжалуу ыкма катары – компаратив, салыштыруу жана карама–каршы коюу ыкмаларын колдонгонун белгилеп. Адамдык оң жана терс сапаттар бири-бири аркылуу аныкталаарын, позитивдүү сапат негативдүү сапат

аркылуу, негативдүү жүрүм позитив жүрүм аркылуу “бинардык компаратив” катары аныкталаарын тастыктаганын белгилеген.

5 – *жыйынтык.* Негиздүү жаңы. Аль-Фараби адеп-ахлакты табияттын жана коомдун өзгөчөлүктөрү менен байланышытырып, адилеттүүлүк, кыраакылык, топуктук, айкөлдүк сыяктуу касиеттерди алардын антиподдору менен салыштырып анализдеп, этикалык баалуулуктар “абийир”, “жоопкерчилик” , “милдет” өңдүү моралдык ченемдер менен тыгыз байланыштуу экендигин тастыктаган. Ойчул“адаб”, “ихсан” жана “хубб ал-жамийи” тшүнүк-абстракциялар аркылуу адеп-ахлактын көп кырдуу конкреттүүлүгүн мүнөздөгөн. Акыл-эс, жандүйнө жана ырахат кубулуштары Ал-Фарабинин этикалык системасынын негизин түзүп, андагы жорук-жосун, жүрүм-түрүм сыяктуу болумдук феномендерди аныктап турат.

6 – *жыйынтык.* Ишенимдүү. Ар-Рази моралдык парасатты билим менен байланышытырып, билим табышмактуу чындыктын “жарыгы” экендигин, мораль менен акыл түгөйлөш экендигин, туура акыл экчей билген адам сейрек жаңылышаарын белгилегени диссертант тарабынан изилдөөдө тастыкталган.

7 – *жыйынтык.* Жаңы. Ибн Сина натурфилософиялык “заттык форма теориясын” иштеп чыгып, ар бир нерсе баштапкы беш элемент - жер, суу, аба, от жана эфирдин айкалышкан кошулмасы экендигин белгилеп, ааламдын жаралышын “зарыл-негиз”, “мүмкүн-негиз” жана “өзгө аркылуу-негиз”деген баштапкы себептер менен байланыштырган. Ойчулдун пикирине ылайык этиканын негизин түзгөн парадигмалар – “жамандык” менен “жакшылык” адам баласынын акыл-эсине жана эркине түздөн-түз байланыштуу. Абийирдин тазалыгы, акылдын тетиктигине жараша болот; абийир интуитивдүү сезим-туюм эмес, ал интеллкетуалдык жөндөм деп эсептейт Ибн Сина.

8 – *жыйынтык.* Жетиштүү жаңы. Авиценанын адептик идеялары моралдык аң сезимге негизделген, анын этикалык окуусу метафизикалык нукта болгон, ал динге жана диний адеп-ахлакка ачык каршы чыккан эмес. Моралдык аңсезимдин деңгээлин аныктаган негизги рухий күч – бул эрк. Ибн Синанын оюу боюнча, адам эмнеге жетем деп максат койсо, ал максат күчтүү эрк аркылуу жүзөгө ашат. "Этика - бул туура жана адептүү жашоонун илими жана ал философиянын ажырагыс бөлүгү болуп саналат" деген сентенция авиценалык этиканын концептуалдык негизи болуп эсептелет.

9 – *жыйынтык.* Ынанымдуу жаңы. Теизм менен натурфиллоософиянын синтези болгон перипатетикалык этика өзүнүн ички логикасы жана структурасы боюнча өтө татаал, анткени ал тарыхый кырдаалдын катаал логикасы менен

шартталган. Перипатетикалык этиканын арситотелдик классикалык этика менен байланышы өз мезгилинин энциклопедисттери болуп, орто кылымдагы илимди байытып, антикалык дүйнөдөгү логикалык жана гносеологиялык идеяларды андан ары өнүктүргөн чыгыш перипатетизминин өкүлдөрүнүн жана жалпы эле чыгыш перипатетизминин тарыхый жана теориялык маанисин төмөндөтө албайт. Эгерде чыгыш перипатетиктери болбогондо Сигер Брабантский адилет белгилегендей, антикалык философия, анын ичинде классикалык этика, байыркы доордун урандысына басылып калмак.

*Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө (материалды жыйноо ыкмалары жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө)*

Илимий изилдөөнүн негизинде жасалган жыйынтыктар илимий жактан маанилүү болуп эсептелет. Илимий иште философия илиминин өнүгүүсү үчүн олуттуу мааниге ээ төмөндөгүдөй жаңы жалпыланган илимий-теориялык жыйынтыктар берилген:

*Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу)*

Диссертациядагы чыгарылган корутундулар, жобо жана жыйынтыктар илимий-концептуалдуу негизде аргументтүү ой-пикирлер менен берилген. Изилдөөгө алынган маселенин актуалдуулугу, өзүнүн көп кырдуулугуна байланыштуу башка илимдердин алкагында изилденип чыгарылган тыянактарга да таянууга түрткү болгон.

*Квалификациялык белгилерге туура келиши*

**Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү**

Жаңы илимий багытты иштеп чыгуу же жыйындысы тиешелүү илимдин тармагындагы ири жетишкендик катары эсептеле турган актуалдуу илимий багыттын бирин жана негизинен жаңы натыйжалардын мазмунун концептуалдуу өнүктүрүү.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгынын деңгээли**

Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу**

Жогору.

**Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы**

Тема тармактык программага, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын планына же уюмдун тематикалык планына кирет.

**Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли:**

Тармактар аралык денгээлде.

**Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар:**

Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын философия, философия тарыхы, этика-эстетика боюнча лекцияларды, атайын курстарды, семинарларды, окуу куралдарын, методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда пайдаланууга болот.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет.

**Диссертациядагы учураган айрым мүчүлүштүктөр.**

Диссертацияда Кыргыз адептик идеялар каралган эмес. Азыркы учурда өтө актуалдуу

Иште стилистикалык, техникалык каталар кездешет.

**Сунуштар.** Диссертациялык иштин жыйынтыктарын пайдаланып монография чыгарууга сунуштайм.

**Сунуштамалар.** Расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени жалпы карап чечүүнү сунуштайм.

**Корутунду:**

Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын ситнтези" аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.09.22.657 диссертациялык кеңешине 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Перипатетикалык этика:

теизм менен натурфилософиянын синтези» аттуу доктордук диссертацияны коргоого кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрага:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, философия илимдеринин доктору Токоева Гулдана Самидиновнага берилет.

**Токоева Г.С.:** Саламатсыздарбы.

Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези» аттуу диссертациялык ишин карап чыгып, Философия илимдеринин доктору, доцент Гулдана Самидиновна Токоева төмөндөгү корутундуга келди:

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган докторлук диссертациялык иш Д 09.22.657 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет.

Изилдөөдө 09.00.03 – философиянын тарыхы адистигинин паспортуна дал келүүчү моралдык ац сезимдин баштапкы, миф менен натурфилософиянын өз-ара байланышын, чыгыш ойчулдары Аль-Фараби, Ар-Рази жана Ибн Синанын этикалык концепцияларын салыштырып, алардын философиясындагы теизм менен натурфилософиянын синтезин аныктап, ачып берүүгө карата изилдөө жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.**

Учурда коомдогу адамдын жашоосун аныктап турган социалдык-экономикалык, руханий чөйрөлөр фундаменталдык өзгөрүүлөрдүн айлампасына кирип, ааламдашуунун алкагында жалпы калыпка салынып, салттуу социалдык болмушту чубап, тарыхый келечекти тунгуюкка салууда. Экономикалык, материалдык чөйрөлөрдө интеграциянын жүрүшү колдоого алынып, коюлган маселелердин окшоштугу, бирдей чечилиши анын окшошпогон ажырымдык элементтеринен жогору туруп көйгөй жараткан деле жок. Ал эми, адамзаттын рухий жашоосу түрдүү маданий салт, адат, адеп менен айырмаланып, өтүп жаткан процесстерге суроолорду коюуда. Мындай жагдай коомдук аң-сезимди башкы ролго чыгарып социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү тартипке салууну талап кылып, ааламдашуунун чакырыктарына туруштук берип, укугун коргоодо. Азыркы мезгилде дүйнөлүк коомчулукта, дүйнөнүн туруктуулугу жана ырааттуу өнүгүүсү адат, маданият, жашоо-тиричиликтин көп түрдүүлүгүн сактап калуу менен байланыштуу, деген пикир айтылып келет. Демек, “түрдүүлүктүн

биримдиги" негизинде адамзаттын болмушунун рухий-адептик идеалы калыптанып атканы талашсыз. Мындай ой жүрүштүн өнүгүүсүндө адептик-этикалык маселелердин табиятына, башаттарына көңүл буруу, белгилүү денгелде актуалдуу.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү**

Жаңы илимий багытты иштеп чыгуу же жыйындысы тиешелүү илимдин тармагындагы ири жетишкендик катары эсептеле турган актуалдуу илимий багыттын бирин жана негизинен жаңы натыйжалардын мазмунун концептуалдуу өнүктүрүү.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгынын децгээли**

Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу**

Жогору.

**Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы**

Тема тармактык программага, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын планына же уюмдун тематикалык планына кирет.

**Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли:**

Тармактар аралык денгээлде.

**Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар:**

Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын философия, философия тарыхы, этика-эстетика боюнча лекцияларды, атайын курстарды, семинарларды, окуу куралдарын, методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда пайдаланууга болот.

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет.

**Диссертациядагы учураган айрым мүчүлүштүктөр.**

Диссертацияда моралдык маселелер Ж.Баласагын жана М.Кашгаринин эмгектери менен салыштырып каралса дагы терең мааниге ээ болмок.

Иште стилистикалык, техникалык мүчүлүштүктөр кездешет.

**Сунуштар.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары боюнча моралдык этикага жана адептик жүрүм-турумга байланыштуу атайын методикалык колдонмо иштеп чыгууну сунуштайм.

**Сунуштамалар.** Расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени жалпы карап чечүүнү сунуштайм.

**Корутунду:**

Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын ситнтези" аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.09.22.657 диссертациялык кеңешине 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези» аттуу доктордук диссертацияны коргоого кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрага:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, философия илимдеринин доктору Алымкулов Марат Сапарбековичке берилет.

**Алымкулов М. С.**

Философия илимдеринин доктору, доцент Алымкулов Марат Сапарбекович, Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези» аттуу диссертациялык ишин карап чыгып төмөндөгү корутундуга келди:

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин туура келиши.**

Сунуш кылынган докторлук диссертациялык иш Д 09.22.657 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет. Иште 09.00.03 – философиянын тарыхы адистигинин паспортуна жооп берүүчү моралдык аң сезимдин баштапкы, миф менен натурфилософиянын өз ара карым-катнашын, омоктуу чыгыш ойчулдары Аль-Фараби, Ар-Рази жана Ибн Синанын этикалык концепцияларын компаративдик нукта, теизм менен натурфилософиянын синтези катары

изилдөөнүн илимий анализи жүргүзүлгөн. Максат жана милдеттерин айтып өттү. Токтолбойлу.

**Квалификациялык белгилерге туура келиши**

**Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү**

Жаңы илимий багытты иштеп чыгуу же жыйындысы тиешелүү илимдин тармагындагы ири жетишкендик катары эсептеле турган актуалдуу илимий багыттын бирин жана негизинен жацы натыйжалардын мазмунун концептуалдуу өнүктүрүү.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгынын децгээли**

Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу**

Жогору.

**Диссертациянын темасынын пландуу изилдоолөр менен байланышы**

Тема тармактык программага, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын планына же уюмдун тематикалык планына кирет.

**Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли:**

Тармактар аралык денгээлде.

**Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар:**

Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет. Автореферattын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

**Диссертациядагы учураган айрым мүчүлүштүктөр.**

Заманбап этика үчүн теизм менен натурфилософиянын синтезинин негизинде кандай жаңы суроолор же көйгөйлөр келип чыгышы мүмкүн экени көрсөтүлгөн эмес.

Иште стилистикалык, техникалык каталар кездешет.

**Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келет.

**Корутунду:**

Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын ситнтези” аттуу диссертациялык иши Кыргыз

Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.09.22.657 диссертациялык кеңешине 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези» аттуу доктордук диссертацияны коргоого кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрага:** Рахмат. Анда урматтуу коллегалар сөздү изденүүчүгө берсек. Суроолорго жооп берсин.

**Изденүүчү:** Урматтуу төрага жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү.

Биринчи суроо. Теизм түшүнүгүнүн аныктамасы барбы? Теизм менен натурфилософия биринчилиги кайсында?

- Теизм бул кудайларга же кудайга юолгон ишеним дегенди билдирет. Экинчи маанисинде диний-философиялык дүйнөкараш. Анда, монотеисттик кудайдын барлыгы аныкталат.

Экинчи суроо. Орто кылым Берунинин орду бар. Аны сиз өзүнүздүн ишиңизде карадыңызбы? Мутазилиттер менен мутакалимдердин этикага мамилеси кандай?

- Биз иште Перипатетикалык мектептин көз караштарын иликтедик Берунинин ойлорун караган жокпуз. Ал эми мутазилиттер да мутакалимдер да эманация маселесин караган. Анда, эң негизги маселе адамдын бул дүйнөдө кылган жамандыгы үчүн ким жооп берет? деген суроого жооп берүү. Маңдайына жазып койгон кудай жооп береби же мандайына жазылган адам жооп береби.

Кийинки суроого. Учурдагы динний көйгөйлөр өтө маанилүү. Сөзсүз түрдө аны биз өткөн мезгил менен салыштыруубуз абзел. Салттык адеп түшүнүктөрүн иштеп чыгууга методологиялык неги болуп берет деп ишенебиз.

Магира Мунаждиновнанын суроосуна жооп. Мораль бардык диний агымдарда бар. Негизинен Ислам жана Христиан моралдык принциптер каралды.

Кубанычбек Абдыкадыровичтин суроосуна. Ибн Сина адам менен айлана чөйрөнү биримдикте караган.

**Төрага:** Эксперттердин суроолоруна жооп бериңиз.

**Изденүүчү:** Айтылган кемчиликтерди оңдоп, карап чыгабыз.

**Төрага:** Урматтуу коллегалар жоопторду уктуңуздар. Талкуууга өтсөк. Ким сүйлөйт. Кубанычбек Абдыкадырович.

**Исаков К.А.:**Иш татаал жана кызыктуу. Коюлган жоболор илимий негиздүү. Иште илимий денгээлде результаттар берилген. Коргоого сунуш кылам жана колдоого чакырам.

**Төрага:** Анда мен бир-эки сөз айтып коеюун. Биринчиден коюулуп жаткан иш бирден бир жаңы багыттагы иш болуп эсептелет. Теизм менен натурфилософиянын синтези теманын аталышында эле көрүнүп турат. Перипатетикалык.

- Диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Төрага:**

Алымкулов Замирбек Аманбековичтин "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези" аттуу темадагы 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча жазылган докторлук диссертациясын коргоого сунуштоо боюнча ачык добушка салам. Сунушталсын дегендер добуш берсеңиздер. Рахмат. Бир добуштан. Д 09.22.657 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

Изденүүчү Алымкулов Замирбек Аманбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Перипатетикалык этика: теизм менен натурфилософиянын синтези" аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет жана ачык коргоого сунушталат.

Коргоо күнү 30.09.24 ж. саат 13.00.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**философия илимдеринин доктору, профессор** **Саралаев Н.К.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**философия илимдеринин доктору, доцент** **Осмонова Д. А.**